«Б Е К И Т Е М И Н»
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл
мамлекеттик университетинин
илимий-изилдөө иштери боюнча
проректору, т.и.д. Зиялиев К.Ж.
________________________
«____»_____________2017-ж

Шамбеталиев Канатбек Ыбыкеевич **«ЖОЖдун студенттеринин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн дисциплиналар аралык байланышта өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары»** аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын

## ПИКИРИ

Тандалган теманын актуалдуулугу. Биздин өлкөбүздө акыркы жылдардагы саясий, социалдык, экономикалык жана башка чөйрөлөрдө болуп жаткан кайра куруулар адистерди кесиптик даярдоого улам жаңы талаптарды коюуда. Бүгүнкү күндө өндүрүштүн, илимдин жана маданияттын өнүгүшүндө проблемаларды чечүүгө чыгармачыл мамиле жасоого жөндөмдүү адистерди калыптандыруу ЖОЖдун негизги милдети болуп саналат. Педагогикалык билим берүү багытындагы жогорку кесиптик мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык бакалавр багытындагы адистигиндеги студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган инструменталдык, социалдык, инсандык жана жалпы маданий, кесиптик компетенттүүлүктөрүн чыгармачылык таанып-билүүгө калыптандырууда инновациялык жаңы талаптарды коюуда. Илимдин азыркы өнүгүшүнүн маанилүү процесстеринин перспективасы алардын интеграциясы менен байланыштуу мазмун, методдордун өзгөрүүсүн камтыган дисциплиналар аралык байланышта ЖОЖдо студенттердин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн зарылдыгын көрсөтүп турат. Бүгүнкү мезгил ЖОЖдо билимдердин сапаты менен деңгээли жана абстрактуу ой-жүгүртүүнүн өнүгүшү боюнча эмес, креативдик аспектидеги практикага бул билимдерди пайдалануу жаңы кесиптик тапшырмаларды чечүүгө карата терең

ойлонууга жаңыча баа берген өзүн-өзү уюштуруу билгичтиктерин креативдик чыгармачыл жөндөмдүүлүктү көрсөтө алган адистерди талап кылып жатат. Буга байланыштуу илимдин азыркы өнүгүшүнүн маанилүү процесстери - алардын интеграциясы жана дифференциациясы менен байланыштуу мазмун менен методдордун өзгөрүүсүн чакырган дисциплиналар аралык байланыштардын каражаттары менен ЖОЖдун студенттеринин чыгармачылык таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү процесси изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт.

**Илимий натыйжалардын, жыйынтыктардын жана адистердин калыптанышынын деңгээли.**

Диссертант тарабынан изилдөө учурунда алынган жыйынтыктар изилдөөчү тапшырмалардын рамкасында ички биримдүүлүктү мүнөздөйт. Иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат.

Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максатын жана иликтөөнүн тапшырмаларын толук аныктайт.

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы **"Жогорку окуу жайынын студенттеринин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык маселелери"** деп аталып изилдөөнүн биринчи милдетине ылайык студенттердин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн маңызы жана негизги бөлүктөрү, чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн өнүгүү процесстеринин теориялык-методологиялык негиздери каралып, "чыгармачылык", "таанып-билүү", "активдүүлүк" түшүнүктөрүнүн маңызын талдоонун негизинде изилдөөнүн базалык түшүнүгүнүн "студенттердин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгү" аныкталды.

Экинчи главасы **"Студенттердин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн өнүктүрүү процессин педагогикалык камсыздоо"** деп аталып изилдөөнүн экинчи милдети чечилди, тактап айтканда, окутуу процессинде чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнү дисциплиналар аралык байланыштар аркылуу ишке ашыруу каралып, ЖОЖдун студенттеринин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары ачыкталды.

Үчүнчү глава **"Студенттердин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча тажрыйбалык-эксперименталдык иштин натыйжалары"** деп аталып изилдөөнүн үчүнчү, төртүнчү милдеттери чечилди. Бул главада дисциплиналар аралык байланыш аркылуу студенттердин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн

өнүгүүсүнүн теориялык модели түзүлүп, ал эксперименталдык иш аркылуу текшерилди.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалулугу** дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруу жолдору менен инсанга-багытталган мамиленин негизинде ЖОЖдогу студенттердин чыгармачыл таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталды; “англис тили жана информатика дисциплинасы аркылуу студенттердин чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрүү” интеграцияланган тандоо курсу иштелип чыкты; студенттердин чыгармачыл таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык модели түзүлүп, ЖОЖдун билим берүү процессине киргизилди; чыгармачыл таанып-билүүчүлүк активдүүлүктү өнүктүрүү модели; анын баалуулук-максаттык, мазмундук-процессуалдык, функционалдык, диагностикалык жана натыйжалык компоненттерине мүнөздөмө берилди жана экспериментте текшерилди.

**Диссертациянын жыйынтыктары жана бүтүмдөрү боюнча конкреттүү сунуштар.** К.Ы. Шамбеталиевдин диссертациялык иликтөөсү жогорку окуу жайларында билим берүү процессин жакшыртууга багытталган натыйжалары, жогорку окуу жайынын реалдуу билим берүү процессине ылайыкталуу менен ЖОЖдун студенттеринин чыгармачыл таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүнүн түзүмдүк компоненттери, көрсөткүчтөрү жана диагностикалык комплекси иштелип чыкканында турат. Анализденген материалдардын жетиштүүлүгү, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси жагынан бул иштөөнү педагогика илимине чоң салым кошоорун баса белгилөөгө болот. Окуу мекемелеринин билим берүү процесстерин долбоорлоодо жана уюштурууда, педагогика кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу системасында колдонууга болот.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Диссертациянын негизги жоболору жана идеялары боюнча автор тарабынан 13 илимий макала жарык көргөн. Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет жана негизги жоболорун чагылдырат.

**Диссертациянын мазмуну жана жасалгалоосу боюнча кемчиликтер.**

Рецензияланып жаткан иштин жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кээ бир кемчиликтери кездешет:

1. Иште техникалык айрым мүчүлүштөргө орун берилген.
2. Автореферат жана диссертациянын текстинде пунктуациялык каталарга жол берилген.

3. Изилдөөнү салыштырууда кийинки окумуштуулардын эмгектеринин аздыгы.

Бирок жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын окутуу теориясына белгилүү салым кошуу менен диссертациянын баалуулугун төмөн түшүрбөйт.

**Кыргыз Республикасынын «Илим даражаларын ыйгаруу жөнүндө» жобосуна диссертациянын талаптарына жооп берүүсү.** Шамбеталиев Канатбек Ыбыкеевич «ЖОЖдун студенттеринин чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн дисциплиналар аралык байланышта өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына толугу менен жооп берет, ал эми аспирант 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу.

Пикир К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын 16-ноябрда 2017-жылы №3 кеңешмесинде талкууланды.

К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл
мамлекеттик университетинин
«Педагогика жана психология»
кафедрасынын башчысы, п.и.к. Карасартова Ж.Б.

Ж.Б. Карасартованын колу
ырастаймын
17.11.2017